ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кыргыз тили жана адабияты дисциплинасынын жумушчу программасына ф.и.к., доцент Н. Мапаеванын

**пикири**

Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасынын жумушчу программасы эл аралык медицина факультетинин дарылоо иши GM560001 адистигинин 1-курсунун орус тайпаларынын студенттери үчүн түзүлгөн жана НББПга дал келет. Жумушчу программа аккредитациянын талабына ылайык окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын ишке ашыруу үчүн ОК-1,2; ЖК-1; ПК-3 туура тандалып алынып, аталган компетенциялар ДОНдо, ТОНдо конкреттүү чечмеленип берилген. Жумушчу программанын бардык пункттары Блуммдун таксономиясына негизделип иштелип чыгылган. Программада аталган дисциплина боюнча билим берүүдө таанып-билүү, өнүгүү жана тарбиялык аспектилерди ишке ашыруу максат кылынган.

Ал эми программанын мазмунун коммуникативдик жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу түзөт.

Аталган курсту үйрөтүүдө студенттер төмөнкү көндүмдөргө жана жөндөмдүүлүктөргө:

- кыргыз тилинде тыбыштарды, сөздөрдү, фразаларды туура айта алуу;

- коомдук жайларда пикир алышууда өзүнүн оюн түшүндүрө алуу;

- өзү жана бир туугандары жөнүндө айтып берүүдө , айтылган сунуш, чакыруу, суроолорго өз оюн билдирүүдө жөнөкөй фразаларды колдоно алууга ээ боло тургандыгы көрсөтүлгөн:

Ошондой эле КРнын атрибуттарын, маданиятын, каада-салттарын, улуттук өзгөчөлүктөрүн, белгилүү кыргыз акын-жазуучуларынын өмүрү жана алардын айрым чыгармалары менен тааныша алышат.

Түзүлгөн жумушчу программа 27 теманы (лексико-грамматикалык) камтыган тематикалык пландаштыруудан турат. Анда кыргыз тилинин фонетика, грамматика, лексика бөлүмдөрү боюнча тиешелүү темалар тандалып алынып, сүйлөө, окуу, жана жазуу ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Студенттердин өз алдынча иштөө жумуштары түрдүү формада берилген.

Программада студенттердин билимин текшерүүнүн каражаттары (контролдук текшерүүнүн тапшырмалары, сынак үчүн тесттик суроолор) иштелип чыккан.

Ошондой эле программада:

- өтүлүүчү практикалык сабактардын болжолдуу үлгүлөрү;

- СӨАИнин мазмуну ( аткарылуучу тапшырмалар, аткаруунун үлгүлөрү);

- контролдук жана аралык текшерүүлөрдүн тапшырмалары;

- экзамендик тесттик-суроолор;

- сунушталган адабияттардын тизмеси;

- видео-аудиоматериалдар ( диалогдор, ж.б) берилген.

Практикалык сабактардын сапаттык деңгээлин жогорулатуу үчүн студент менен жекече иш алып баруу, чакан топтордо иш алып баруу, ар түрдүү диалог, оюндарды уюштуруу, кырдаалга байланыштуу тапшырмаларды берүү усулдары сунуш кылынган. Окутуунун жогорку усулдары студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн, окуяга баа бере билүүсүн, кесиптик жана коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүүгө чоң өбөлгө түзөт.

Программанын мазмуну жана структурасы медицина адистиги үчүн кыргыз тилин окутуунун мамлекеттик талаптарына ылайык түзүлгөн жана адистик өзгөчөлүктөгү багыттар кеңири чагылдырылган.

Жумушчу программа ЖОЖдогу чет элдик студенттерге кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын А1 деңгээлде окутуунун парктикалык курстарында колдонууга сунушталат.

Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин окуу иштер боюнча декандын орун басары, ф.и.к., доцент. Н. Мапаева